КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**25-март 2025-жыл № 2** **Совет айылы**

**"Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Катар-Жаңгак айылындагы № 32 Ж.Канашев атындагы орто мектептин окуучулары үчүн маршруттук каттамга акча каражатын бекитип берүү жөнүндө"**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 25.03.2025-жылдагы № 01-17/251 сандуу катындагы Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Катар-Жаңгак айылындагы № 32 Ж.Канашев атындагы орто мектептеп окуучулары Үч-Булак айылындагы № 20 Махмадалиев атындагы орто мектебине барып билим алууга, маршруттук жол каттамына акча каражатын кароого, "Бюджет жана экономика, ички жана сырткы инвестицияны тартуу боюнча" туруктуу комитетинин корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз VI-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Катар-Жаңгак айылындагы № 32 Ж.Канашев орто мектебинин 5-класстан 11-класска чейинки 165 окуучуга маршруттук жол каттамы үчүн 100 000 (бир жүз миң) сом акча каражатын 706-29 разделинин 3111 беренесинен 2214 беренесине которуу жагы жактырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчи Э.Абдураимовко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**